**Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлигинин Эл аралык байланыштар боюнча башкармалыгынын начальнигинин орун басары Масрур Зокирзода мырзанын куттуктоо сөзү**

**21-июнь, 2025-жыл**

Урматтуу Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы, доктор Шамш Кассим-Лакха жана Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү!
Урматтуу Университеттин ректору, профессор, доктор Кристофер Жон Герри!
Урматтуу Борборбук Азия Университетинин Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы, профессор Максим Борисович Хомяков!
Борбордук Азия Университетинин окутуучулары жана кызматкерлери, кымбаттуу бүтүрүүчүлөр жана ардактуу меймандар!

Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр!

Баарынан мурда жеке өзүмдүн жана Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлигинин атынан 2025-жылдын бүтүрүүчүлөрүн Борбордук Азия Университетиндеги окуусун ийгиликтүү аякташы менен чын дилден куттуктайм жана мындан аркы карьера жана билим алуу жолундагы албан-албан ийгиликтерди каалайм.

Ардактуу меймандар!

Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, Борбордук Азия Университетинин Хорог шаарындагы кампусунун ачылышы Тажикстан Республикасынын Президенти, Улуттун Лидери, улуу урматтуу Эмомали Рахмон тарабынан 2018-жылдын 14-сентябрь күнү расмий ачылган.

Расмий ачылыштын салтанаттуу аземинде Тажикстан Республикасынын Президенти жана Улуттун лидери Эмомали Рахмон төмөнкүлөрдү баса белгилеген:
«Борбордук Азия Университети Хорог шаарында биздин өлкөбүздүн жогорку кесиптик билим берүү түзүмүндөгү жаңы баракты ачып жатат…Бул жаңы агартуу мекемесинин ишмердүүлүгү биздин өлкөгө эле пайда келтирбестен, ошондой эле билим берүү тармагында аймактагы өлкөлөрдүн ортосундагы көп тараптуу кызматташууга өбөлгө түзөт деп бекем ишенем».

Өзүңөр билгендей, Тажикстан Республикасынын Президенти, улуттун лидери Эмомали Рахмондун демилгеси менен 2025-жыл мөңгүлөрдү сактоонун эл аралык жылы деп жарыяланган.

Баса белгилей кетиш керек, Тажикстандын университеттери жана илимий-изилдөө институттары улуттун Лидеринин бул демилгесин колдошуп, көптөгөн семинарларды, конференцияларды өткөрүштү жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүштү. Борбордук Азия Университети да аталган темада бир катар иш чараларды уюштурду. Алардын айрымдарын белгилеп кетүүгө уруксат этиңиздер:

а) «Курчап турган чөйрөнү коргоо жана табият ресурстарын рационалдуу пайдалануу»

программасынын алкагында 2024-жылдын 9-декабрь күнү 2-салттуу эл аралык илимий-практикалык конференциясы «Эгемендүүлүк доорунда улуттук өндүрүштү жана тажик геологиясын өнүктүрүү» аттуу темада Тажик тоо-металлургия институтунун колдоосу астында өттү.
б) 2024-жылы 10-сентябрдан 15-октябрга чейин Хорогдо тоо чөйрөсүнүн маселелери боюнча «Борбор Азиянын мөңгүлөрү» аттуу экинчи эл аралык семинар өткөрүлдү.
в) 2025-жылы 29-майда БАУнун Тоолуу коомчулуктарды изилдөө институту жана Тажикстан илимдер Академиясы менен биргеликте Душанбе шаарында мөңгүлөр боюнча эл аралык конференция өткөрүлдү.
г) Булар менен катар өткөн жылы 29-майда БАУнун студенттери «Мөңгүлөрдү сактоого карата жаштардын үнү жана алардын климаттын өзгөрүшүнө карата туруштук бере турган демилгелери» аттуу мөңгүлөрдү коргоо боюнча Эл аралык форумга жигердүү катышышты. Борбордук Азия Университети 2000-жылы Тажикстан, Кыргызстан, Казакстан Республикалары жана Исмаилиттердин Имаматынын ортосунда эл аралык келишимге кол коюулардын натыйжасында негизделген.
д) Биз Тажикстан Республикасы БАУну негиздеген өлкөлөрдүн бири экендигине жана Тажикстан Республикасынын Президенти, улуттун Лидери Эмомали Рахмон анын Колдоочусу жана негизги тарапкери экендигине сыймыктанабыз.

БАУ өзүнүн миссиясын мурдагыдай эле улантат жана Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн ар кыл аймактардан келген студенттерге сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүү болушун кеңейтүү боюнча иш аракеттерине орчундуу салым кошо берет.

Жашоонун сапатын жогорулатуу максатында Тажикстандын ар кыл бурчунда калктын жашоосунун сапатын жакшыртуу максатында Университет демилгелерди жайылтып жатат:

а) «Хатлон облусунун Шохин районундагы Даштижум Шамсиддин коомчулугундагы жоголуп бара жаткан өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн биологиялык ар түрдүүлүгүн сактап калуу жана туруктуу башкаруу» аттуу темадагы изилдөө долбоору;
б) «Адамдын саламаттыгын сактоо жана азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуу үчүн жергиликтүү жыпар жыттуу өсүмдүктөр айыл чарба маданий өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери менен каршы күрөшүүдө механизм катары» аттуу темадагы изилдөө.
в) Тажикстан Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 33 жылдыгына карата «Тажик тилин, тарыхын жана маданиятын окуп үйрөнүү» темасындагы Жайкы мектеп уюштурулуп, ага Германия, Италия жана Япониядан 12 студент катышты.
г) Тажикстан ТВнын чыгармачылык тобу менен биргелешип Университет Хатлон облусу тууралуу «Табигый жана тарыхый мурастар» деген аталыштагы экинчи даректүү фильмди тартышкан. Анда Чилучорчашма, Хожа Машхад жана Аджина Теппа сыяктуу маданий-тарыхый объектилер чагылдырылган.
д) Ушул эле жылдын 6-майында БАУнун Гуманитардык жана так илимдер Мектеби тарабынан маданий мурастар жана туризмди өнүктүрүү темасында изилдөө семинары уюштурулуп, анын алкагында Хатлон облусунун жана Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун тарыхый, маданий жана табигый объектилеринин маалымат базасы тартууланган.

Мен Борбордук Азия Университети мындан ары да өзүнүн изилдөө демилгелерин бекемдей

берет жана башка агартуу мекемелерине үлгү болот деп үмүттөнөм.

Биз кубануу менен белгилеп кеткибиз келет, Хорог эл аралык кампусунда билим алып жаткан студенттердин 76%ы – Тажикстан Республикасынын жарандары. Бүгүн дипломдорду алган 28 таланттуу студенттер, анын ичинде 23 студент Тажикстандын жарандары болуп эсептелишет.

Баардык бүтүрүүчүлөрдү куттуктайм жана алардын окуу жана кесиптик ишмердүүлүгүндө ийгиликтерди каалайм. Ошондой эле Борбордук Азия Университетине студенттерди академиялык программалардын алкагында сапатуу даярдоодон өткөргөндүктөрү үчүн ыраазычылык билдирем.

Борбордук Азия Университети – бул дүйнөдөгү тоолуу аймактардагы жашоонун сапатын жогорулатууга багыт алган саналуу окуу жайлардын бири болуп эсептелет.

Жигердүү иш издеген бүтүрүүчүлөр жумушка орношушту жана өз билимдерин экономика, экология, технология, медиа жана башка тармактар колдонушуп, Тажикстандын гүлдөп-өсүшүнө жана өнүгүшүнө салымдарын кошуп жатышат.

Борбордук Азия Университетинин Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектебинин англис жана орус тилдери боюнча курстарына 2023–2024-жылдары 662 мамлекеттик кызматкерлер (алардын ичинде 32%ы- аялзаты) жазылышкан. Азыркы учурда аталган Мектеп Душанбе, Ходжент, Хорог жана Бохтар шаарларында иш алып барып, мындан ары да Дангарга кеңейүүнү мерчемдеп жатат.

Ардактуу меймандар!
Мен Борбордук Азия Университети Тажикстандын Билим берүү жана илим Министрлиги менен, ошондой эле башка илимий-агартуу мекемелери менен да менен кызматташууну бекемдөөнү улантып, Тажикстандагы билим берүү түзүмүн өнүктүрүүгө орчундуу салымын кошот деп толук ишенем.

Жыйынтыгында дагы бир жолу 2025-жылдын бүтүрүүчүлөрүн жана алардын ата-энелерин ушул маанилүү саамалык менен куттуктайм, силерге карьерадагы ийгиликтерди жана мындан аркы жетишкендиктерди тилейм.

**Ийгиликтерди каалайм!**